| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Бириккен Ылай-Талаа айылдык кенешинин уюштуруу сессиясынын**

**№ 1/3 ТОКТОМУ**

**2024-жылдын 21-февралы** **Ылай-Талаа айылы**

**«Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемеси айылдык кеңешин түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы №24 «Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Ылай-Талаа айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. **«Ылай-Талаа** айылдык кеңеши» мекемеси жана «Чалма» айылдык кеңеши мекемеси бириктирүү жолу менен **«Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемеси** болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**
- **Мамлекеттик тилде**: **«Ылай-Талаа** айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемеси.
- **Расмий тилде**: Учреждение "Айылный кенеш Ылай-Талинского айылного аймака"

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**
- Мамлекеттик тилде: «Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши» М-и.
- Расмий тилде: У-е "Айылный кенеш Ылай-Талинского айылного аймака".

2. **«Ылай-Талаа** айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемесинин Жобосу бекитилсин.

3. **«Ылай-Талаа** айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемесинин юридикалык дареги болуп, **Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Кара-Кулжа району, Ылай-Талаа айылы, Раимкул Сатыбаев көчөсү №45** болуп аныкталсын.

4. Юридикалык жактын уюштуруучусу - жергиликтүү кеңештин депутаттары.

5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**«Ылай-Талаа» айылдык кеңешинин төрагасы** ____________ А. Кадыркулов